## Окутуу жана тарбиялоо иштери боюнча директордун орун басары

### 1. Кызматтык милдеттери:

- карамагына берилген жалпы билим берүүчү уюмунун баскычында педагогикалык жамаатынын ишкердүүлүгүн уюштурат жана көзөмөлдөйт;

- жалпы билим берүүчү уюмунун өнүгүшүнүн негизги багыттарын педагогикалык жамаат менен бирдикте ишке ашырат;

- педагогикалык кызматкерлеринин окуу планын жана жалпы билим берүү программаларын аткаруу боюнча усулдук ишин камсыз кылып, тескейт;

- педагогикалык жамааты менен бирдикте окуу планынын мектептик компонентин иштеп чыгып, анын аткарылышын камсыз кылат;

- окуучуларды окутуунун жана тарбиялоонун жаңы технологияларын киргизүүнү камсыз кылат жана анализ жүргүзөт;

- бүтрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын жана окуучулардын которуу сыноолорун өткөрүүнү уюштурат;

- мектептин маалыматтык блогунун (отчеттук документацияны өз убагында түзүүнү камсыз кылуучу класстардын тизмелери, окуучулардын өздүк делолору, класстык журналдар ж.б. мектептик документациялар) абалына жана толтурулушуна жооп берет;

- окуучулардын билим сапатын жана жүрүм-турумун көзөмөлдөйт, окуу сабактарынын жүгүртмөлөрүн түзүүнү жана окутуу-тарбиялоо ишкердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн жүргүзүүнү пландаштырат;

- окутуу-тарбиялоо процессии өнүктүрүү жана окуучулардын билимин обьективдүү баалоо боюнча сунуштарды киргизет жана аларды ишке ашырат;

- педагогикалык кенешинин чогулуштарына, усулдук семинарларга ж.б. активдүү катышат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын билүү боюнча, «Манас» эпосунда, ошондой эле кыргыз жана республикада жашаган башка улуттардын жакшы каада-салттарында аныкталган негизги принциптерине ылайык окуучуларды атуулдук жана адеп-ахлактуу тарбиялоо ишин уюштурат;

- жалпы билим берүүчү уюмунун окутуу-тарбиялоо чөйрөсүнүн абалына байкоо жүргүзүп, коллегаларынын жана окуучулардын арасындагы жүрүм-турумдук ченемдерди тутууну көзөмөлдөйт;

- педагогикалык кызматкерлерди жайгаштырууга катышып, алардын дасыктарын жана кесиптик чеберчиликтерин жогорулатууну уюштурат;

- педагогикалык кызматкерлеринин аттестациялоосун даярдоого катышат;

- педагогикалык жактан негизделген жана социалдык жактан аныкталган класстан тышкары жана мектептен тышкары окуучуларды тарбиялоо ишинин аткарылышын көзөмөлдөйт;

Scanned by TapScanner

- окутуу-тарбиялоо иш-чараларын бирдиктүү жүргүзүү үчүн ишканалар, мекемелер, бирикмелер, ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр), коомдук уюмдар ж.б. менен байланыш түзөт;

- балалыкты коргоонун, жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоонун, техникалык коопсуздугун жана өрттөн сактануунун эрежелерин, санитардык-гигиеналык тартибинин, педагогикалык жамаатынын эмгегин коргоо талаптарын камсыз кылат жана аткарат;

- жалпы билим берүүчү уюмунун окутуу-материалдык-техникалык базасын эсепке алуу, сактоо жана толуктоо боюнча талаптарды аткарат жана жооп тартат;

- педагогикалык кызматкерлерге, окуучулардын өзүн-өзүн башкаруууларына жана коомдук уюмдарга билим берүү, маданий жана ден соолукту чыңдоо иш чараларды өткөрүүгө усулдук жана уюштуруучулук жардам көрсөтөт,окуу жылында окуучулардын контингентин толуктоо жана сактоо боюнча иш чараларын кабы л алат;

- окуучуларды медициналык жактан тейлөөнүн абалын, жатак түрүндөгү мектептердеги жашоо-тиричилик шарттарын көзөмөлдөйт.

2. **Билиш керек:**

- Кыргыз Республикасынын конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын;

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;

- Билим берүү министрлигинин, жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо боюнча ченемдик укуктук документтерин;

- Педагогиканы жана педагогикалык психологияны;

-Балдардын социологиясынын, физиологиясынын жана гигиенасынын ндерин;

-Дүйнөлүк жана ата-мекендик педагогикалык илимдин жана тажрыйбанын жетишкендиктерин;

-Билим берүүнү башкаруунун жана каржылоонун негиздерин;

- Мамлекеттик институттарынын, коомдук уюмдарынын окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо боюнча милдеттерин жана укуктарын;

-Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияны;

- Педагогикалык жүрүм-турумдун ченемдерин;

-Техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун эрежелерин.

3. **Коюлуучу талаптар: Жогорку педагогикалык билими, педагогикалык кызмат ордунда беш жылдан кем эмес иштеген стажы.**

Scanned by TapScanner

Мектепке чейинки уюмунун жетекчиси болуп 30 жаштан кем эмес жана баарakы жашынан өтпөгөн Кыргыз Республикасынын жарааны дайындалат . Мектепке чейинки уюмунун жетекчилик кызматтык ордуна дайындалууга соттолгон же көрсөтүлгөн дастыктык талаптарга ылайык келбеген адамдарга жол берилбейт.

Scanned by TapScanner